## Каракол педагогикалык колледжинин педагогикалык кеңешинин жыйынынан №5 ПРОТОКОЛУ

30.09.2021-жыл Каракол шаары

Төрагасы: Молдосанов С.У.

Катчысы: Мусуралиева А.С.

Катышкандар: 49 окутуучу.

Күн тартибинде:

1. 2020-2021-окуу жылынын жыйынтыгы, жаңы окуу жылындагы каралуучу маселелер.
2. 2021-2022-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча отчет.
3. Жаңы окуу жылына колледждин иш-пландарын бекитүү
4. 2021-2022-окуу жылына окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү
5. Жаңы келген студенттерге тайпа жетекчилерин бекитүү
6. 4 адистик (050709, 050721, 050303, 230111) боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын бекитүү
7. Жаңы ачылган 050303 “Чет тили”, 050721 “Дене тарбия”, 230111 “Компьютердик системада программалоо” адистиктеринде билим алган студенттердин практикасынын программаларын бекитүү
8. Колледждин миссиясы кароо жана бекитүү
9. 2021-2025-жылдарга Стратегиялык планды кароо жана бекитүү
10. Билим берүү уюмунун стратегиялык максаттары
11. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңешин түзүү жана бекитүү

**Педагогикалык кеңешти Каракол педагогикалык колледжинин директору Молдосанов Саламат Усенбаевич** ачып бардык окутуучуларды жаңы окуу жылы менен куттуктап, ден соолук, иштерине ийгиликтерди каалады. Андан кийинки сөздү окуу тарбия ишери боюнча директордун орун басары Азаматов Алмаз Азаматовичке берди.

**УГУЛДУ:**

1. **Азаматов Алмаз Азаматович** окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары сүйлөп төмөнкүлөрдү билдирди.

КПК колледжинде 21 тайпада жалпы 355 студент билим алышат. Бюджеттик негизде 050709 адистигинде 213 студент 11 группада, 050721 адистигинде 40 студент 2 группада, 102 студент контракттык тайпадп 8 группа, 050303 адистигинде 8-группада 8 студент , 230111 адистигинде 9 студент билим алышат. Группаларда студенттер аз болгондугуна байланыштуу 2021-жылдын 1-мартынан27-группаны 23-группага, 37-группаны 33-группага кошулду. Семестр ичинде 32 студент окуудан сабактарды калтыргандыгы жана жетишпегендиги үчүн сабактан чыгарылган. Бүтүрүүчүлөр 119 студент., алардын ичинен 4 группа кыргыз тилинде окутуу, 2 группа орус тилинде окутуу.
Жалпы сабакка жетишкендик 93,3%, Бардыгы-42 отличниктер, 83 ударниктер. Билим сапаты 35,2% былтыркы жылга салыштырмалуу 10% жогору. 100% жетишкен тайпалар:

1. 7-группа –куратору Асаналиева Ж.А.
2. 2-группа –куратору Муратаев Ж.Б.

3. 6-группа –куратору Танатар к А..
4. 8-группа –куратору Алиева К.Ж..
5. 22-группа –куратору Кожокеев Т.Б.

Экинчи маселе боюнча 2021-2022-окуу **жылынын жооптуу катчысы Мусуралиева Айзада Сагындыковна** чыгып сүйлөдү. И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин кабыл алуу комиссиясы 2021-2022-окуу жылына күндүзгү бюджеттик, күндүзгү контракттык , күндүзгү бюджеттик «Дене тарбия» бөлүмүнө, контракттык «Англис тили» бөлүмүнө, күндузгү контракттык “Компьютердик системада программалоо” адистигине жана сырттан окуу бөлүмүнө кабыл алууну жүргүздү.

Кабыл алуу төмөнкүдөй болду:
Күндүзгү бюджеттик 050709 адистигине :
1-тайпа 9-класстын базасында кыргыз тилинде окутуу 24 студент
3-тайпа 9-класстын базасында орус тилинде окутуу -25 студент
4-тайпа 11-класстын базасында кыргыз тилинде окутуу - 22 студент
5-тайпа 11-класстын базасында орус тилинде 21 студент бюджеттен жана 2 студент контракттык бөлүмдөн кошулду.
Бюджеттик бөлүм боюнча бардыгы: 94 студент

Күндүзгү контракттык 050709 адистигине:
6-тайпа 9-класстын базасында кыргыз тилинде окутуу-5 студент
7-тайпа 9-класстын базасында орус тилинде окутуу-5 студент
26-тайпага кошумча 11-класстын базасында кыргыз тилинде окутуу-9 студент
Контракттык бөлүм боюнча бардыгы: 19 студент
050721 “Дене тарбия” бөлүмү:
9-класстын базасында бюджеттик негизде 19 студент
9-класстын базасында контракттык негизде кыргыз тилинде окутуу 1 студент
Бардыгы: дене тарбия бөлүмү боюнча 20 студент

050303 “Чет тили”адистиги:
9-класстын базасында орус тилинде окутуу 6 студент, 11-класстын базасында кыргыз тилинде окутуу 5 –студент
230111 “Компьютердик системада программалоо” адистиги:
9-класстын базасында-22 студент
11-класстын базасында -6 студент
Баардыгы: 28 студент
Сырттан окуу бөлүмүнө план аткарылып, 75 студент кабыл алынды.

2. Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары **Азаматов Алмаз Азаматович** чыгып, 2021-2022-окуу жылына каралуучу колледждин иш-планы менен тааныштырды.
3. 2021-20200-окуу жылына окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүп алсак. Бул жүктөмдөр мамлекеттик орто кесиптик билим берүүнүн азыркы планына ылайык бөлуштүрүлдү. Ар бир окутуучунун окуу жүктөмдөрү менен тааныштырып, кол койдуруп алды.
4. **Азаматов Алмаз Азаматович** - биздин окуу жайыбызда жаны келген студенттерге тагыраак айтканда 2021-2022- окуу жылында кабыл алынган абитуриенттерге тайпа жетекчилерин бекитип алалы.

1-тайпага Калыгулова Назира Уркалыевна

2-тайпага Таныскожоев Кылыч
3-тайпага Демьяненко Ирина Владимировна
4-тайпага Бейшенбек кызы Кенжегүл
5-тайпа Белогорцева Марина Алексеевна
6-тайпага Иманкулова Мээрим Кубатбековна
7-тайпага Жайлобаева Салтанат Зарлыковна
8-тайпга Асаналиева Жаркын Асанкадыровна
9-тайпа Малаев Талант
Эгер макул болсоңуздар жогоруда аты аталган окутуучулар класс жетекчилер болуп дайындалсын деген сунушту айтам.

5. **"Дене тарбия" циклдык бирикмесинин жетекчиси Таныскожоев Кылычбек Качкынович** 050721 "Дене тарбия" адистигинин Негизги кесиптик билим берүү программасы тууралуу маалымат берди. Маалыматта негизги кесиптик билим берүү программасынын негизги максаты, милдеттери - бүтүрүүчүгө жалпы билим берүү уюмдарында ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү, мектеп жашындагы балдарды окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндө жалпы жана кесиптик компетенцияларга ээ болгон, анын социалдык өнүгүүсүнө салым кошкон болочок дене тарбия жана спорт мугалимдерин орто кесиптик билим берүү тармагында даярдоо; эмгек рыногунда мобилдүүлүк жана туруктуулук ошондой эле күтүлүүчү натыйжалары жөнүндө маалымат берди.

**"Чет тили" адистигинин жетекчиси Алиева Кыял Жеңишовна** "Чет тили" адистигинин Негизги кесиптик билим берүү программасы кимдер тарабынан түзүлгөн, өзүнө эмнелерди камтыйт, ошолор тууралуу токтолуп кетти. 050303 «Чет тили» адистиги боюнча Негизги кесиптик билим берүү программасы иштелип чыккан. «Педагогика» циклдык бирикмеси тарабынан Мамлекеттик билим берүү стандартынын макетинин негизинде иштелип чыккан. 050303 «Чет тили» адистиги боюнча сертификатталган мугалимди даярдоонун жана тарбиялоонун максаты жигердүү, чыгармачыл ой жүгүрткөн адисти, ошондой эле коммуникативдик, жалпы лингвистикалык жана социолингвистикалык компетенттүүлүккө ээ болгон адисти даярдоо болуп саналат. Бул максат бүтүрүүчүдө кесиптик маселелерди чечүү боюнча билимди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү процессинде калыптандыруу, окуучулардын орто мектепте алган тил билимдерин жалпылоо, алардын сөз байлыгын кеңейтүү, рецептивдик кептин түрлөрү жаатындагы көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн автоматташтыруу аркылуу ишке ашат.

**230111 "Компьютердик системада программалоо" адистиги боюнча Туркин Тимур Вячеславовоич** төмөнкүлөрдү баяндады. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 15-майындагы № 567/1 буйругу менен 230111 «Компьютердик системаларда программалоо» адистиги «Программист-техник» билим берүү программасы боюнча Орто кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты бекитилген. Негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты (миссиясы).
КПКнын миссиясы анын калыптануу жана өнүгүү тарыхы менен ажырагыс байланышкан жана «эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо, технологиялык жана билим берүү инновацияларын киргизүү аркылуу билим берүү кызматтарын жакшыртуудан» турат. 230111 «Компьютердик системаларда программалоо» программасынын миссиясы: эркин ой жүгүрткөн, өзгөрүүгө ачык жана мамлекетибиздин өнүгүүсү үчүн билимди баалуулуктарга айландырууга жөндөмдүү, өнүгүүгө жөндөмдүү жогорку квалификациялуу адистерди сапаттуу даярдоо. Заманбап

эмгек рыногунун талаптарына ылайык, коомдун суроо-талаптарын жана керектөөлөрүн эске алуу менен ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүндө инновациялык технологияларды киргизүү, конфигурациялоо жана колдоо болуп саналат.
Студенттер практикага барган учурда иш берүүчүлөргө сурамжылоо (анкета) жүргүзүп, анкетанын жыйынтыгындагы сунуштар талкууланды. Ар бир адистиктин негизги кесиптик билим берүү программаларын талкулоодо мектеп мугалимдеринин, программисттер практикага чыгып жаткан тараптын сунуш, пикирлери эске алынып түзүлдү. 3 адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын бекитүүгө сунуштап жатканда билим берүү максаттары жана бүтүрүүчү модели каралды.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Дене тарбия бирикмесинин окутуучусу Муратаев Жыргалбек Бекболотович**: Негизги кесиптик билим берүү программалары Мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлсө, окуу жайдын Уставына туура келсе , ушул отурумда бекитүүнү колдойбуз.

**Чет тили сабагынын окутуучусу Абдымамбетова жаныл Арсаровна**: Ар бир адистик боюнча Негизги кесиптик билим берүү программаларды бекитүүнү колдойбуз.

6. **Педагогикалык практика жетекчиси Молдосанова Нурайым Бакытовна.** Жаңы ачылган 050303 "Чет тили", 050721 "Дене тарбия", 230111 "Компьютердик системада программалоо" адистиктеринде билим алган студенттердин практикасынын программалары менен кыскача тааныштырды. Ар бир практиканын максаты, милдеттери качан жана кайда өтүлөөрү, кандай маселелерди өзүнө камтый тургандыгын тааныштырды. Бул практикалар "Окуу-таанышуучу практика", "Көнүгүү сабактары", "Машыктыруучу практикасы", "Диплом алдындагы практика" бөлүнөт. Бул практикалардын негизги максаты –студенттердин педагогикалык колледждеги теориялык билим берүү процессинде калыптанган жалпы жана кесиптик компенецияларын бышыктоо жана тереңдетүү болуп саналат.

7. Колледждин миссиясы жана стратегиялык план боюнча колледждин юристи **Келгенбаев Аскар Сабырович** чыгып төмөнкүлөрдү билдирди: 2021-2025-жылга колледждин стратегиялык планын , миссияны иштеп чыгуу боюнча кыскача айтып берди. Стратегиялык план тууралуу , миссиянын мазмуну менен тааныштырды.

Колледждин миссиясы-билим берүү тармагында инновациялык , техникалык тейлөө көрсөтө алган сапаттуу билимге ээ болгон жогорку квалификациядагы адистерди даярдап чыгаруу болуп эсептелет.

8. Ал эми стратегиялык план 2021-2025-жылга чейин түзүлдү.

Стратегиялык пландын максаты:
- эмгек рыногунун учурдагы талаптарын эске алуу менен билим берүү кызматтарынын спектрин кеңейтүү;
- кесиптик багыт берүү ишин өркүндөтүү;
- кызыкдар тараптардын өзгөрүп жаткан талаптарына колледждин билим берүү программаларын ишке ашыруунун шайкештигин жана сапатын камсыз кылуу үчүн колледждин билим берүү ишин өркүндөтүү;
- таланттуу жаштарды өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү;
- колледждердин бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуусуна активдүү көмөк көрсөтүү;
- колледждин окуу-тарбия иштерин өнүктүрүү;
- колледждин илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүү;
- колледждин кадрдык потенциалын өнүктүрүү;

- колледждин негизги ишмердүүлүгүн маалыматташтыруу
- колледждин башкаруу системасын жана уюштуруу түзүмүн оптималдаштыруу;
- колледждин кызматкерлерин жана студенттерин социалдык жактан колдоо, алардын ден соолугун жана коопсуздугун коргоо;
- колледждин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү

Сапат саясатын ишке ашыруу үчүн колледж төмөнкү сапат максаттарын аныктады:
- билим берүү менен өндүрүштү интеграциялоо аркылуу көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатына керектөөчүлөрдүн канааттануу деңгээлин жогорулатуу;
- ар биринин эмгегин жеке баалоо системасын түзүү жана ишке ашыруу аркылуу педагогикалык жана көмөкчү персоналдын жогорку кесиптик квалификациясын жана иш-аракетине мотивацияны камсыз кылууга;
- билим берүү чөйрөсүнүн билим берүү жана ден соолукту сактоо потенциалын өнүктүрүүгө;
- колледждин позитивдүү имиджин түзүү.

Колледжди өнүктүрүүнүн стратегиялык багыты болуп орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү системасынын болгон тажрыйбасын өркүндөтүү жана жалпылоо, жаңы инновациялык технологияларды киргизүү аркылуу окуу процессинин бардык компоненттерин сапаттык жаңы деңгээлге өткөрүү саналат. билим берүү кызматтарынын сапатын алуу үчүн коюлган милдеттерди чечүүнүн натыйжалуу жолдорун табууга мүмкүндүк берген өзүн-өзү баалоо.

9. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңеши төмөнкү кызматкерлерден түзүлүүсүн сунуш кылам. Каршы болбосоңор ушул кызматкерлерден топ түзүлсүн. Молдосанов С.У.- Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңешинин төрагасы, Азаматов А.А.- Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңешинин төрагасынын орун басары, Иманкулова М.К.- Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңешинин Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңеши, комиссия мүчөлөрү: Никитенко И.В.-методикалык иштер боюнча инспектор, Туркин Т.В.-программист, Келгенбаев А.С.-юрист, Демьяненко И.В.-математика, физика циклдык бирикмесинин төрайымы, Апиева З.Ж.-коомдук-табигый илимдер циклдык бирикмесинин төрайымы, Головенина В.Л.-сүрөт жана музыка циклдык бирикмесинин төрайымы , Алиева К.Ж.- тил илимдер циклдык бирикмесинин төрайымы, Таныскожоев К.К.-дене тарбия циклдык бирикмесинин төрагасы, Чымыров Э.У., Асаналиева Ж.А.-күндүзгү окуу бөлүмүн башчысы, Намазова С.К- студенттер кеңешинин төрайымы.

## ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:

1. 2020-2021-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча отчет канааттандырылсын.
2. 2021-2022-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча отчет канааттандырылсын.
3. Жаңы окуу жылына колледждин иш-пландарын бекитилсин.
4. 2021-2022-окуу жылына окуу жүктөмдөрүн окутуучуларга бөлүштүрүлсүн.
5. 2021-2022-окуу жылына кабыл алынган студенттерге тайпа жетекчилери төмөнкүлөрдөн бекитилсин:
   1-тайпага Калыгулова Назира Уркалыевна
   2-тайпага Таныскожоев Кылыч
   3-тайпага Демьяненко Ирина Владимировна
   4-тайпага Бейшенбек кызы Кенжегүл
   5-тайпа Белогорцева Марина Алексеевна

6-тайпага Иманкулова Мээрим Кубатбековна
7-тайпага Жайлобаева Салтанат Зарлыковна
8-тайпга Асаналиева Жаркын Асанкадыровна
9-тайпа Малаев Талант

6. Негизги кесиптик билим берүү программалары иш берүүчүлөрдүн пикирин эске алуу менен бекитилсин, билим берүү максаттары жана бүтүрүүчү модели талкууланды.
7. Жаңы ачылган 050303 "Чет тили", 050721 "Дене тарбия", 230111 "Компьютердик системада программалоо" адистиктеринде билим алган студенттердин практикасынын программалары бекитилсин.
8. Колледждин миссиясы бекитилип сайтта жана стенддерде жаңыртылсын.
9. 2021-2025-жылдарга Стратегиялык план бекитилсин.
10. Билим берүү уюмунун стратегиялык максаттары бекитилсин
11. Билим берүү сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңеши төмөнкүлөрдөн түзүлсүн жана бекитилсин:

Молдосанов С.У.- Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңешинин төрагасы
Азаматов А.А.- Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңешинин төрагасынын орун басары
Иманкулова М.К.- Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңешинин Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн Сапат кеңеши
Комиссия мүчөлөрү:
Никитенко И.В.-методикалык иштер боюнча инспектор,
Туркин Т.В.-программист,
Келгенбаев А.С.-юрист,
Демьяненко И.В.-математика, физика циклдык бирикмесинин төрайымы,
Апиева З.Ж.-коомдук-табигый илимдер циклдык бирикмесинин төрайымы,
Головенина В.Л.-сүрөт жана музыка циклдык бирикмесинин төрайымы ,
Алиева К.Ж.- тил илимдер циклдык бирикмесинин төрайымы,
Таныскожоев К.К.-дене тарбия циклдык бирикмесинин төрагасы,
Чымыров Э.У.кыргыз тили жана адабияты циклдык бирикмесинин төрагасы
Асаналиева Ж.А.-күндүзгү окуу бөлүмүн башчысы,
Намазова С.К- студенттер кеңешинин төрайымы.

Отурумдун төрагасы Молдосанов С.У.

Катчы: Мусуралиева А.С